**УДК 811.512.154:808**

***Абдылдаева Д.К.,***
*КМЮАнын Юридикалык*
*колледжинин улук окутуучусу,*
*КРбилим берүүсүнүн отличниги*
***Абдылдаева Д.К.,***
*старший преподаватель*
*Юридического коледжа КГЮА*
*отличник образования КР*
***Abdyldaeva D.K.,***
*KSLA teacherof law college*
*an excellent woker of the KR*
*mob.contac t.: + 996 (553) 029166*
*e-mail: abdyldaeva160366@dmail.com.*

# КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА СТУДЕНТ-ЮРИСТЕРДИН КЕП МАДАНИЯТЫН ӨСТҮРҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

# ОСОБЕННОСТИ РАЗВИТИЯ КУЛЬТУРЫ РЕЧИ ЮРИСТА НА УРОКЕ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

# FEATURES OF THE DEVELOPMENT OF A SPEECH CULTURE OF LAWYER IN KYRGYZ LANGUAGE CLASS

***Аннотация:****Автор макалада кыргыз тили сабагында студент-юристердин кеп маданиятын өстүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө жана маданият,кеп маданияты деген сөздөргө терең маани берүү менен,сабак учурунда колдонулган терминдердин мааниле-ринин түшүндүрүү аркылуу юристердин кеп маданиятынын өсүшүнө болгон аракеттерин, колдонгон усулдар жөнүндө баяндаган.*

***Аннотация:****Автор статьи уделяет большое внимание на уроках кыргызского языка культура речи студентов-юристов. Для развития речи и общения используются юриди-ческие термины, тексты, различные упражнения, позволяющие повышать интерес учащихся к предмету, расширять кругозор и улучшать словарный запас языка.*

***Annotation:*** *The author of the article pays great attention to the speech culture of students-lawyers in the Kyrgyz language class.*

*For the development of speech and commu-nication is used legal terms, tests, various exercis-es that allow students to increase interest to the subject, expand horizons and improve the vocabu-lary of the language.*

***Негизги сөздөр:****маданият; кеп маданияты; жүрүм-турум; коом; мамиле; ички маданият; мыйзам ченемдүү; тил илими; туура сүйлөө; сабатсыз сүйлөө.*

***Ключевые слова:*** *культура; культура речи; поведение; общество; отношение; внутреняя культура;нормативный; языковая наука; правильно говорит; безграмотно разговаривать*

***Key words:*** *culture; speech culture; behav-io; society; attitude; inner culture; normative; lin-guistic science; speaks correctly; illiterately speak-ing .*

Маданият-бир нече аныктамаларга ээ болгон татаал термин.«Маданият деген эмне»,бул суроого көптөгөн жылдар жооп изделип келген экен. Маданият (латын тилинен алганда-тарбия, тарбиялануу дегенди түшүн-дүрөт) көп түшүнүктүү жана ар кандай тармактарды ээлеген көп кырдуу термин. Көп учурда адамдын өзүн-өзү байытууга байланыш-туу болгон тигил же бул тармактагы иш. Маданияттын негизги түрлөрүнүн ичинен эң эле көзгө, кулакка угулуп туруучу - бул кеп маданияты болсо керек, деген да ой жалпыга белгилүү.Маданиятуу адамды кантип билебиз? Маданияттуу адамдын кеби,жүрүм-туруму, адамдарга кылган мамилеси. Ал эми маданиятсыз адамды кантип билсек болот? Маданиятсыз адамды көпчүлүктүн арасынан аныктоо абдан оңой. Аларга төмөнкү белгилер кирет: сабатсыз сүйлөө,бейтааныш адамга орой кайрылуу же жооп берүү, цензурасы жок лексика.

Андай болсо,ички маданият деген эмне десекчи? Ички маданият-адамдын биринчи жыйырма жыл жашоосунун ичинде калыптануучу моралдык жана нравалык негиздер. Ички маданият өзүнөн-өзү калып-танбайт, ага тышкы факторлор таасир этет,алар:ата-эненин тарбиясы, курбу-курдаштар, мугалимдер,коом ж.б.

Ал эми кеп маданияты деген эмне?Тил илиминдеги коммуникативдик аспектиге көңүл буруу тилдин илим катары өзүнүн жаралуу жана калыптануу доорунан кийинки мезгилге көбүрөөк туура келет. Анткени илимдин ар тараптан өнүгүшү мезгилдерди талап кылат. Ошондон улам илимде өзүнчө тармактары пайда болору мыйзам ченемдүү көрүнүш. Тилди практикада колдонуунун процессинен улам «тилдик норма», «байланыштуу кеп», «чечендик өнөр», «кеп маданияты» сыяктуу жаңы тармактар, окуулар,илимдер калыптанып,

өнүгүүгө багыт алды.Кыргыз тил илиминде бул багыттардын изилдениши толук ишке аша элек,тактап айтсак,жаңыдан из салынып келе жаткандыгы айтылып келет. Жогорку окуу жайлары менен катар эле кесиптик окуу жайларда бул илимдер окуу предмети катары киргизилип окутулууда. Жогоруда айтылган илимдердин ичинен кеп маданияты өзүнүн кептин орундуулугу, кептин тактыгы, эстетикалык көркөмдүгү, этикалык жана башка да маселелерди камтыйт. Тилдик норманын сакталышы кеп маданиятына зарыл, ал эми кеп маданиятынын жогору болушу чечендик өнөрдүн негизи.

Адамдардын байланышынын негизги куралы тил болгондуктан алардын ой-пикир алмашышына шарт түзөт. Байланыштын тилден башка сүрөт,символика,белги,кат сыяктуу белгилери да бар. Ошол себептен,бизди ойлонто турган нерсе адамдар менен пикир алышууну натыйжалуу түшүндүрүү. Ал үчүн сүйлөө чеберчилиги маанилүү болуп саналат. Өзгөчө пикир алышуу кесиптик ишмердүүлүктө жогорку чегине жетип турушу керек. Анткени, адистердин ишмердүүлүгүнүн ийгиликке жетишине пикир алышуунун бүтүндөй техникасы таасир этет. Өзгөчө юрист кызматкерлеринин эл менен баарлашуусунда кеп маданиятына ээ болуусу зарыл. Сүйлөө маданияты-бул өз оюн сапаттуу,жеткиликтүү, ачык жана туура чагылдыруу. Ал болбосо, адамдардын өз ара аракеттери, иштеген жумушу, күнүмдүк жашоосу бузулат.

Кеп маданиятын билбеген, ар бир сөздүн мааниси менен түшүндүрө албаган юрист сөзсүз түрдө ишенбестикти жана жагымсыз жагдайды гана пайда кылат. Ал эми кеп маданиятын толук колдонуу менен өз оюн туура, жеткиликтүү айтып түшүндүрө алган юрист-кандай гана жагымдуу жагдайды түзүү менен, ишиндеги ишмердүүлүктү көрсөтө алаары белгилүү.

Маанисиз, натыйжасыз пикир алышуу пикир алышып жаткан адамдардын ортосундагы оор абалды алып келүү менен иштин жүрүшүнө да тоскоол болот. Юрист сүйлөө гана эмес уга билүү да жөндөмүнө да ээ болушу маанилүү.Уга билүү жөндөмдүүлүгү кеп маданиятынын эң башкы көрсөткүчү болгондуктан юристердин элге көңүл бура билишин дагы талап кылат. Юрист таасир берүүчү лингвистикалык каражаттардын бардык бай патенциалын колдоно билип,кеп маданиятынын нормаларын ичинен сылыктык менен кайрылуу категориясын сактай алышы керек. Ал өзүнүн ишенимдүү сөздөрү жана ар кандай жест, мимика сыяктуу вербалдык эмес каражаттары менен элге болгон жакшы мамилемсин көрсөтөт.

Кээ бир юристердин кесипкөй болушунун сырлары дагы,ушул кеп маданиятынын жакшы өздөштүрүшү чоң таасир берип,анын ийгилигин коштоп жүрөт. Юристин кебинин таасири жана маданият-туулугу менен көптөгөн жаркын келечекке умтулуулар пайда болуп, керек болсо кетирилген туура эмес жагдайларды, каталарды кетиргендиктерине өкүнүү, экинчи кайталанбай тургандыгына шык кана бере алат. Мына ушу да кеп маданиятынын эң бир чоң жоопкерчиликтүү учуру.

Бүгүнкү күндө юристик кесипке келе турган студенттердин билим деңгээлдерине карай турган болсок, мектептеги алган билимдери алардын сабаттуулугуна таасир тийгизип турат. Юридикалык колледжде окуу жайдын босогосун жаңы эле аттаганда, студенттерге окутулуучу сабактардын тизмесине тил сабактары киргендиктен,бул сабактар боюнча студенттердеги кездешкен каталар тил илиминин бардык тармагы фонетика, лексика, грамматика (морфологиялык, синтаксистик), стилистика да орун алат.

*Фонетикалык каталар* кайсы учурларда көбүрөөк кездешет? Басымды туура эмес коюудан,же тыбыштарды туура эмес айтуудан көп ктирилет. Өзгөчө кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүндөгү ө,ү,ң тыбыштарын же болбосо созулма үндүүлөр менен сөзөрдү айтууда. Созулуп айтылган үндүүлөрдү студенттер кыска үндүү кылып айтышат, эгерде сөзулма үндүүлөр созулуп айтылбаса, мааниси башкага өтөөрү белгилүү.

*Лексикалык каталар.* Лексикалык каталардын көп кетиши сөз байлыктарынын жоктугуна байланыштуу. Ошон үчүн контекске байланыштуу сөздөрдүн синонимдерин тандоо зарыл. Канчалык сөз байлык көп болсо адамдарга өз оюун толук, түшүнүктүү кылып жеткирүү жеңил болот. Кээ бир учурларда студенттер сөздөрдүн маанилерин түшүнө билбегендиктен аларга маани да беришпейт. Кээ бир сөздөрдү ташымалдоо, мазактоо, сооротуу иретинде деле айтыла тургандыгына түшүнө билшпегендиктен да болот. Ошондуктан сүйлөп жаткан сөздөрдөн улам адамдардан үч маалымат алынат.

1. Сөз эмне жөнүндө болуп жаткандыгы;
2. Ким сүйлөп жаткандыгы;
3. Сүйлөп жаткан адамдын эмоциясы.

Студенттердин лексикалык каталарын жоюда көбүнчө басма сөз басылмаларына

чыккан маалыматтарды, жазуучулардын чыгармаларындагы көркөм тексттерди окутуу, синонимдердин варианттарын тандоо менен иштелген көнүгүүлөрдү иштетүү ийгиликтүү натыйжа берээри практикада белгилүү.

*Грамматикалык каталар.* Грамматикалык каталар көп кездешкен кепти окуу дагы, угуу дагы эч мүмкүн эмес.Кепте морфология боюнча мүчөлөрдү уюштурууда,синтаксис боюнча сүйлөмдөрдүн орун тартибине карап түзбөгөндө, тыныш белгилерди туура койбогондо көп каталар кетирилет.[1]

Стилистикалык каталарды студенттер кээ бир сөздөрдүн кайсы стилге (көркөм, илимий, публицистикалык) ылайыктуу экенине карабастан, кептин ачыктыгы, тактыгы, кыскалыгын сактабастан кайталанган жана ашыкча, даяр ошондой эле адабий тилдин нормасына, контекске туура келбеген сөздөрдү колдонуу менен кетиришет. Мындай ката元ларды жоюу максатында сөззүз түрдө юридикалык колледжде, юридикалык терминдер менен иштөөнү 1-курстун студенттери мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде мектептеги календардык-тематикалык программа менен кыргыз тили сабагы өтүлүп жатса дагы, ар бир өтүлгөн темада ошол өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн юридикалык терминдер менен көнүгүүлөрдү, тексттерди, өз алдынча иштөө, сөздүктөр менен иштөөнү жүргүзүп туруу бул да өтө чоң түрткү болоору өзүмдүн практикамда белгилүү.

Кыргыз тили сабагында студент-юристерди сөздү барктоого, туура сүйлөгөнгө үйрөтүүгө болобу?-деген ой да болушу мүмкүн.Албетте.Ошол максатка жетишүү үчүн 1-курс 9-класстын базасында окуп жаткан студенттер менен кыргыз тили сабагы календардык-тематикалык пландын негизинде сабактар жүрүп жатса дагы, көнүгүүлөр менен иштөө,тексттер менен иштөө,сөздүк менен иштөө иштеринде сөзсүз түрдө юридикалык темадагы көнүгүүлөр, тексттер, юридикалык терминдер бар тексттерди колдонуу менен көбүрөөк иштетүү,өтө чоң жемиши болоору белгилүү. Студент улам жогорку курска көчкөн сайын юридикалык терминдер өтө тааныш жана түшүнүктүү болот.Анын себеби жогоруда айтылып кеткендей,биринчи курстан баштап эле юридикалык терминдерге баса көңүл бурулганында.Ал эми КМЮАда же башка жогорку окуу жайларынын факультеттеринде болобу билимин уланткан студенттер үчүн юристердин кеп маданиятынын калыптанышы да сөзсүз билинет.Бул да болсо колледжде кеп маданиятына өтө чоң көңүл бурулганынын натыйжасы. Мисалы,атайын лексика менен иштөөдө сөздөр түшүндүрүү аркылуу:юрист-*мыйзам кызматкери,* юстиция-*адилет,* юридический-*юридикалык,* явка-*келүү, көрүнүү, катышуу,* эффективный-*натыйжалуу, таасирдүү,* экспертно-*серептөө,*эксперт-*калыс серепчи,*эксперимент-*тажырыйбалык,* штраф-*жаза,айып,*шанс-*үмүт, мүмкүнчүлүк,* членство-*мүчөлүк,*чаяние-*мүдөө, үмүт, тилек,* частная жалоба-*жекече даттануу,* хулиган-*бейбаш,* хищение-*уурдоо,* фактор-*көрсөткүч,* человеческий фактор-*адам фактору,* факт-*факт, болгон иш,* ущерб-*зыян*, условия-*шарт,* удостоверение-*күбөлүк*, уговор-*көндүрүү, тил алдыруу,* уведомление-*кабарлоо, эскертүү*, суд-*сот,* согласие-*макулдук, келишим ж.б.* Мына ушул сыяктуу жана мындан да башка юридикалык терминдер менен ар бир өтүлүп жаткан сабактын темасында көнүгүүлөр менен жогорудагы сөздөрдү кошуу аркылуу бышыктоо, юридикалык кептерди туура жана маданияттуу колдоно алууларына көмөк гана болот. Мисалы сабактын темасы: **Сүйлөм. Сүйлөмдөрдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү**-деген тема өтүлүп жаткан болсо, теманы бышыктоо үчүн иштетиле турган көнүгүүлөрдөн башка юридикалык терминдер менен иштетүү, сүйлөмдөрдү түздүрүү жемиштүү жана эске тутумдарына пайдасы гана болот. Мисалы үчүн: *Жол эрежесин бузгандар сөзсүз түрдө жаза (штраф) төлөшү керек. Мыйзам кызматкерлери иш-кагаздарын мыкты билүүлөрү зарыл! Экологияга зыян келтирүү, эмне менен барабар?* ж.б.ушул сыяктуу мисалдар, юридикалык терминдердин мааниси жана кырдаалдарга карата туура колдонууга шарт гана түзө алат.

Өзүмдүн практикама таянып айта кетсем, мисалы «Стиль жана стилистика» - деген тема студенттерге түшүнүктүү болушу үчүн сөзсүз түрдө стилдердин ар бир түрү жөнүндө маалымат берүү менен бирге, көнүгүүлөрдү жана тексттерди юридикалык терминдердин катышуусунда атайын даярдап алып, андан соң гана алар менен иштетүүнү жана өзгөчө өз алдыларынча машыгуу иштерин иштей алууларына басым жасайм.

Мисалы: Сүйлөшүү стили.

Бул теманы бышыктоо максатында ар кандай кырдааалдарга карата сүйлөшүү (диолог) жүргүзүп, бул сүйлөшүүдө студенттердин бири-бирилери менен болуп жаткан маектеринде сөзсүз түрдө юридикалык терминдерди кошуп туура кырдааалга байланыштуу сүйлөп кетүүлөрүнө көңүл бурам. Иштөө алдында жаңы терминдер менен

тааныштырып,аларды сүйлөшүүдө туура колдонуусуна, ал сөздөрдүн маанилерин жана кыргызча которулуштары боюнча сөздүк иш дагы сөзсүз жүргүзөм.

Мисалы:

- *Саламатсызбы?*
- *Саламатчылык.*
- *Бул юридикалык колледжби?*
- *Ооба,юридикалык колледж.*
- *Мен бул колледжге тапшырсам дедим эле.Тапшыруу үчүн эмне кылышым керек?*
- *Абдан жакшы.Колледжге тапшырыш үчүн документтериңизди камдашыңыз керек?*
- *Кандай жана кайсы документтер болушу керек?*
- *Сөзсүз түрдө өзүңүздү тастыктаган документ-паспорт же болбосо туулгандыгыңыз тууралуу күбөлүк, 9-классты аяктагандыгыңыз тууралуу күбөлүк, жашаган жериңизден тастыктама, окуу жайдын жетекчилигине өзүңүздүн наамыңыздан арыз жазасыз жана 3/4 форматындагы төрт сүрөт тапшырасыз.*
- *Түшүнүктүү.Түшүнбөгөн суроолорум болуп калса кайрада кайрылсам болобу?*
- *Албетте.*

Бул көнүгүүнү иштетүүдөө жаңы сөздөр менен иштетүү сөзсүз каралат

Мисалы үчүн:

*Тастыктаган -удостоверяющий*
*Күбөлүк-удостоверение*
*Тастытама-справка*
*Арыз-заявление*
*Документ-документ*
*Адис-специалист*

Бул жогорудагы сөздөрдү иштетүү менен студенттердин сөздөргө маани берүүлөрүнө жана маданияттуу сүйлөөгө көнүктүрүп, бул сөздөрдүн башка да кырдаалдарда колдонулуп калышы тууралуу кеңири маалымат берип,башка темада сүйлөшүүлөрдү (диологдорду) түздүрөм жана көбүрөөк сүйлөтүүгө,ойлорун так, туура жана маданияттуу жеткире алууларына,ошондой эле сабакта жаңы таанышкан терминдерди туура учурларда кырдаалдарга байланыштуу колдоно алууларына шарт түзүп бере алам.

Сүйлөй жана жаза билүү юрист адистин кесипкөй ишмердүүлүк сапаты экендигин дагы баса айткым келет.Ошондуктан юрист адамдар эл менен болгон байланышты бекемдегиси келсе,анын кеп маданиятын өздөштүрүүсү, ишинин натыйжалуу болушуна гана алып келет. Мына ошондо гана келечекте юрист болуучу студент кесиптештерине, элге сыйлуу, мыкты кесипкөй адис боло алат.Ошого байланыштуу, кыргыз тили сабагында иштелүүчү көнүгүүлөрдүн басымдуулугу студенттердин кебиндеги каталарды тил илиминин бардык тармагы боюнча (*фонетика, морфология, синтаксис, стилистика) оңдоого* багытталышы керек.

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Мусаев, С.Ж. Кеп маданиятынын маселелери [Текст]: /С.Ж.Мусаев. - Б., 1993. - 50 с.

**Рецензент:** Кыдыралиев А.Т., директор Юридического колледжа КГЮА, кандидат педагогических наук.

**УДК 821.512.154:17**

***Агеева З.И.,***
***Торопкина Е.И.***
*КМЮАнын Юридикалык*
*колледжинин улук окутуучулар,*
*КР билим берүүсүнүн отличниктери*
***Агеева З.И.,***
***Торопкина Е. И.,***
*старшие преподаватели*
*«ПМК государственного, официального*
*и иностранных языков»*
*юридического колледжа КГЮА*
*Отличники образования КР*
***Ageewa Z.I.,***
***Toropkina E.I.,***
*Senior teachers of “Methodical*
*commission of the official, foreign*
*language andlinguistic technologies»*
*Law college of the KSLA.*
*Excellences in education KR*
*моб.тел.: +996 (703) 650090*
*mobile: +996 (553) 365033*
*e-mail: zoyaageewa@yandex.ru*
*e-mail: elena-toropkina@mail.ru*

## Ч.Т.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ОКУУ АРКЫЛУУ КМЮАНЫН ЮРИДИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНДЕ СТУДЕНТТЕРДИН РУХАНИЙ-НРАВАЛЫК БААЛУУЛУКТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ.

## ФОРМИРОВАНИЕ ДУХОВНО-НРАВСТВЕННЫХ ЦЕННОСТЕЙ У СТУДЕНТОВ ЮРИДИЧЕСКОГО КОЛЛЕДЖА КГЮА ЧЕРЕЗ ИЗУЧЕНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ Ч.Т.АЙТМАТОВА